КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
САЙДЫКУМ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САЙДЫКУМСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы**
**№9**

**03-август 2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

**Сайдыкум айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына кирген Сайдыкум айыл аймагынын Кызыл-Ай айылындагы Ж.Асанов атындагы №9 орто жалпы билим берүү мектебине эмеректер алуу долбоорун, Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондуна сунуштоо жөнүндө**

Сайдыкум айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасында каралган иш-чараларды ишке ашыруу максатында, Сайдыкум айыл аймагынын Кызыл-Ай айылындагы Ж.Асанов атындагы №9 орто жалпы билим берүү мектебине эмеректер алуу долбоору боюнча сунушту карап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34 жана 39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, Сайдыкум айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сайдыкум айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына киргизилген, Сайдыкум айыл аймагынын Кызыл-Ай айылындагы Ж.Асанов атындагы №9 орто жалпы билим берүү мектебине эмеректер алуу долбоору боюнча тиешелүү долбоордук-сметалык документтер белгиленген тартипте даярдалсын.
2. Сайдыкум айыл аймагынын Кызыл-Ай айылындагы Ж.Асанов атындагы №9 орто жалпы билим берүү мектебине эмеректер алуу боюнча, даярдалган долбоордук-сметалык документтер Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондуна каржылоо маселесин кароо үчүн сунушталсын.
3. Долбоордук-сметалык документтерге ылайык, долбоордун жалпы наркы 567 000 (беш жүз алтымыш жети миң) сом өлчөмүндө белгиленсин.
4. Долбоорду ишке ашырууга Сайдыкум айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 56 700 (элүү алты миң жети жүз) сом өлчөмүндө каражатты кошо каржылоо катары бөлүп берүү маселеси Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык каралсын.
5. Ушул токтомдо көрсөтүлгөн долбоор боюнча тиешелүү документтерди даярдоону жана Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондуна белгиленген тартипте сунуштоону камсыз кылуу Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д.Матисаковго тапшырылсын.
6. Бул токтомун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.А. Анарбаев**